Мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы 12.00.01.адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн жазылган Назира Искандарбековна Ахматованын «Кыргызстанда мамлекеттик бийликтин бекемделиши мезгилиндеги саясий-укуктук режим» темадагы диссертациясына расмий оппоненттин

## ПИКИРИ

**1. Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий жана жалпы мамлекеттик программалар менен байланышы (практиканын жана илимдин жана техниканын өнүгүүсүнүн суроо-талаптары).**

Ахматова Н. И. диссертациясынын темасы актуалдуу, себеби, Кыргызстандын окумушттулары тарабынан иштелип чыккан эмес жана аны изилдөө теоретикалык жана илимий – практикалык мааниге ээ.

Иштин илимий жаңылыгы конкреттүү тарыхый шарттарда Кыргызстандын мамлекеттик аппаратынын жана укук коргоо органдарынын турукталуусунун, калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн айрымаланган өзгөчөлүктөрүн, көптөгөн булактарды жана адабияттарды талдоонун негизинде, алгачкы жолу объективдүү чагылдырууга аракет жасалган. Диссертациялык иш бул маселени изилдөөдөгү теоретикалык мүноздөгү биринчи изилдөө болуп саналат, бул жерде мамлекеттик аппараттын анын ичинде укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүнүн саясий-укуктук режимин бекемдөөнүн укук негиздерин жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча практикалык сунуштар жана корутундулар аныкталган.

Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробация кылынуусу да колдоого ээ. Мамлекеттин жана укуктук теориясында тарыхый процесстерди изилдөө методологиясы маселени төмөнкү методдорду колдонуу менен объективдүү, ар тараптуу изилдөөгө багытталган: тарыхый, системалуу, түзүмдүк-функционалдык, салыштырмалуу, конкреттүү-социологиялык, статистикалык ж.б. методдор. Каралып жаткан иштин теоретикалык жана практикалык мааниси жөнүндө кеп кылуунун кажети деле жок.

Бул каралып жаткан диссертацияга баа берүүдө, анын жогору илимий деңгээлин, илимий адабияттардын жана архивдик материалдардын кеңири пайдаланышын, иштин жакшы редакцияланышын белгилеп кетүү керек.

Иштин түзүмү да колдоого ээ, ал киришүүдөн,сеги параграфты бириктирген үч баптан, корутундулардан жана пайдаланган адабияттардын тизмесинен туруп, изилдөөнүн предметине жана коюлган милдеттерге баш ийет.

**2. Диссертацияга коюлган талаптардын алкагындагы илимий жыйынтыктар.**

Диссертациялык ишке жүргүзүлгөн талдоо төмөнкү илимий жыйынтыктарды бөлүүгө мүмкүнчүлүк берди.

**1 Жыйынтык.** Саясий-укуктук режимди бекемдөөгө ар кандай факторлор жана органдар таасирин тийгизген. Кээ бир жерлерде бийлик башка партиялардын колуна өтүп турган, бирок большевиктик партия аларга каршы



ВХОДЯЩИЙ №: 48
13 01 2022г.

тура алып, аларды контрреволюциялык деп жарыялашкан. Тилекке каршы саясий оппненттерди укпоо, алардын көз караштарын керектүү деңгээлде баалабоо, компромистик чечимдерди таба албоо, жарандык согуш убагында зомбулукту орой түрдө колдонууга алып келди, өзгөчө Сталинге жеке сыйынуу мезгилинде, бул өз убагында мамлекеттин өнүгүүсүнүн теориясына жана практикасына оңолгуз зыян келтирген.

**2 Жыйынтык.** Саясий-укуктук бекемдөөдө терс таасирин социалистик коомду өтө идеалдаштыруу да тийгизген. Качан гана мамлекеттин тоталитардык режим кулаганда гана биз тандап алган маселени объективдүү жана терең изилдөөгө мүмкүнчүлүк болду. Демократиялык тенденциялардын жана ылайыктуу институттардын жок болуусу шарттарында, каралып жаткан мезгилдеги түзүлгөн аскер-саясий кырдаал жашоонун бардык чөйрөсүн бирдиктүү борбордон жетектөөнү талап кылган. Бардык укук коргоо органдары жана алардын жергиликтүү башкаруу бөлүмдөрү, Совет өкмөтүнүн декреттерин жана жергиликтүү Кеңештердин буйрутмаларын жүзөгө ашырууга жардам беришкен.

**3 Жыйынтык.** Укук коргоо органдарын укуктук жөнго салуусунда камтылган укук коргоо органдарын түзүүнүн негизги идеялары, укук тартипти орнотуу менен байланышкан мамлекеттин ишмердүүлүгүнүн атайын багыты катары каралган.

**4 Жыйынтык.** Укук тартип органдарын түзүү жана бекемдөө жарандык согуш жылдарында татаалданган, ал Туркестандын узак убакытка чейин согуш аракеттеринин театры болуп калышы менен түшүндүрүлгөн. Контрреволюциялык чыгуулардын бир түрү, жергиликтүү буржуазия башында турган басмачылык болгон. Милиция борборлоштуруу принциби менен түзүлгөн жана согуш мезгилиндеги мыйзамдар боюнча согуш абалына которулган. Контрреволюцияны басуу үчүн дыйкадардан жана эмгекчилерден турган атайын куралдуу топтор түзүлгөн. Юстиция органдарында сот өндүрүшүнүн эки бутагы пайда болгон: революциялык трибуналдар жана элдик соттор. Контрреволюцияга каршы күрөшүү кырдаалында пайда болгон революциялык трибуналдар кыска мөөнөттө болгон. Жарандык согуштун аякташы менен бардык укук коргоо системасында реформа жүргүзүүнү талап кылды, прокуратура жана адвокатура бекитилди. 1922 жылы соттук органдардын реформасы өткөрүлгөндөн кийин, юстиция органдарынын системасы толугу менен калыптанды.

**5 Жыйынтык.** Мамлекеттин укук коргоо ишмердүүлүгү, аткаруу бийлигинин түзүмдөрү пайдаланган укук колдонуу формасы катары каралган жана укук коргоо органдарынын спецификалык функциясы катары каралат. Укук коргоо органдарынын калыптануу базасында жана функциясында таптык принцип камтылган; командалык-административдик системасы үчүн “шарттар” түзүлгөн, укук коргоо системасынын укуктук документтери иштелип чыккан. Укук коргоо органдары аркылуу коммунистик партия, коомдук-саясий жашоонун бардык чөйрөлөрүнө жетекчилик кылган жана директиваларын өткөрүп турган. Мындай шарттарда укук коргоо аппараттарынын ишинде

“максаттуулук” жана укук ченемдерин кынтыксыз сактоо принциби үстөмдүк кылган.

**6 Жыйынтык.** Сот системасынын укуктук негиздери “революциялык укуктук аң сезим” принцибинен келип чыккан, анда соттордун ишмердүүлүгүндөгү сот акыйкаттулугун ишке ашыруудагы теоретикалык негиздер Совет бийлиги тарабынан аныкталган. Соттук системанын спецификасы анын эки илтилигинде камтылган: социализмдин жеңиши менен укук институттарын жок болушу соттук системанын өзүнүн керексиздигине алып келген. Бул ишмердүүлүктү уюштуруу, укуктук тариздөө ВЦИКтин, Кеңештердин, партиянын чечимдери, директивалык көрсөтмөлөр, декреттери менен ишке ашырылган.

**7 Жыйынтык.** Укуктук илимде укук коргоо ишмердүүлүгүндө соттук системанын орду жана ролу аныкталган эмес. Ушул убакка чейин соттук органдарды укук коргоо системасына киргизүү боюнча талаш тартыштар токтобойт. Белгилүү болгондой, бийликти бөлүү принцибине таянып, соттук система бийликтин өз алдынча бутагы катары аныкталган. Диссертант, укук коргоо жана сот системасын бөлүүгө болбойт деп сунуштайт, себеби, укук коргоо системасы жана соттук бийликтин ортосундагы бирдик байланышы бузулат, керек болсо, акыр аягында бул органдардын бардык укук коргоо ишмердүүлүгү сот органдарына келип такалат. Ревтрибуналдардын болушу революциядан кийинки кырдаалдарга байланыш болгон, ошондуктан алар кеңири кулач жайган. Террор системасы Совет бийлигине каршы чыккан ар бир башка ойлонууну жокко чыгарууну камтыган.

**8 Жыйынтык.** Мамлекеттик айыптоонун, көзөмөлдөөнүн жана соттук иликтөөнүн түздөн төз катышуучусу болгон, көп функциялуу институту катары каралган, кийинки жылдары репрессивдик-жазалоо аппараты болгон прокуратура органдарынын себептери, шарттары жана функциялары аныкталган. Прокуратурадан аскер прокуратурасын чыгаруу прокуратуранын өнүгүүсүнө багытталган. Дал ушул каралып жаткан мезгилде прокуратурага тергөө органдары берилген, бул туура эмес болгон, себеби, бир жерде эле тергөө жана айыптоо функциялары топтолушу мүмкүн эмес. Сот кызматкерлери буга көрсөтүп, терс залакалары болушу мүмкүн экенин айтышкан.

**9 Жыйынтык.** Укук коргоо системасын түзүү менен Совет мамлекетинин ишмердүүлүгү ВЧКнын, ревтрибуналдардын жана башка укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салган жаңы мыйзамдык базаны түзүүгө багытталган жана алардын коомдун саясий-укуктук системасына жана мамлекетти бекемдөөгө тийгизген таасирин изилдөөгө мүмкүнчүлүк берет.

**3.Изденүүчүнүн диссертацияда келтирилген ар бир илимий жыйынтыктын (илимий жобонун), тыянактардын жана корутундулардын далилдүүлүгүнүн жана негизделүүсүнүн деңгээли.**

**1 Жыйынтык.** Далилденген жана негизделген, анткени, ал орусиялык, казахстандык жана кыргызстандык мамлекеттин жана укуктун теориясы чөйрөсүндөгү ар кандай алдыңкы окумуштууларынын теоретикалык талдоосунун негизинде алынган.

**2 Жыйынтык.** Негизделүү жана далилденүү шексиз, анткени ал көптөгөн илимий-теоретикалык адабияттарды, монографиялык изилдөөлөрдү талдоо процессинде алынган.

**3 Жыйынтык.** Далилденген жана негизделген, ал советтик илимий адабияттардын кеңири чөйрөсүн колдонуусу жана мыйзамдарды жана практиканы колдонуу менен бекемделет.

**4 Жыйынтык.** Жыйынтыктын негиздүүлүгү жана далилдүүлүгү мамлекеттин жана укуктун теориясы боюнча илимий булактарды талдоо менен бекемделет.

**5 Жыйынтык.** Жыйынтыктын негиздүүлүгү жана далилдүүлүгү илимий адабияттарды жана аракеттеги мыйзамдарды талдоо менен бекемделет.

**6 Жыйынтык.** Далилденген жана негизделген,анткени мыйзамдарды изилдөө процессинде алынган жана жыйынтыктар илимий адабияттарды талдоо менен бекемделет.

**7 Жыйынтык.** Далилденген жана негизделген, ал советтик илимий адабияттардын кеңири чөйрөсүн колдонуусу жана мыйзамдарды жана практиканы колдонуу менен бекемделет.

**8 Жыйынтык.** Жыйынтыктын негиздүүлүгү жана далилдүүлүгү мамлекеттин жана укуктун теориясы боюнча илимий булактарды талдоо менен бекемделет.

**9 Жыйынтык.** Негизделүү жана далилденүү шексиз, анткени ал көптөгөн илимий-теоретикалык адабияттарды, монографиялык изилдөөлөрдү талдоо процессинде алынган.

**4.Изденүүчүнүн диссертацияда келтирилген ар бир илимий жыйынтыктын (илимий жобонун), тыянактардын жана корутундулардын жаңылык деңгээли.**

**1 Жыйынтык.** Жаңы, себеби, коомдун саясий системасынын ар кандай аспектерин караган илимий изилдөөлөрдү окуунун негизинде алынган.

**2 Жыйынтык.** Жаңы болуп эсептелинет, анткени, мамлкеттик бийликтин саясий-укуктук режимин бекемдөө мезгилдерин кароодо автордук позиция чагылдырылган.

**3 Жыйынтык.** Салыштырмалуу жаңы болуп эсептелинет, себеби, мамлекеттин жана укуктун теориясы боюнча илимий булактарды талдоонун негизинде алынган.

**4 Жыйынтык.** Жаңы болуп эсептелинет, анткени, укук коргоо органдарынын ролу жөнүндө илимий адабияттарды окуунун негизинде алынган.

**5 Жыйынтык.** Жаңы болуп эсептелинет, анткени, сот органдарынын ролу жөнүндө илимий адабияттарды окуунун негизинде алынган.

**6 Жыйынтык.** Жаңы болуп эсептелинет, анткени, большевиктер бийлигинин өзгөчө органы болгон ревтрибуналдарды түзүүнүн негизги шарттары аныкталган.

**7 Жыйынтык.** Жаңы болуп эсептелинет, анткени, прокуратура органдарынын ролу жөнүндө илимий адабияттарды окуунун негизинде алынган.

**8 Жыйынтык.** Жаңы болуп эсептелинет, анткени, коомдун саясий системасын ар кандай аспекте караган илимий изилдөөлөрдү окуунун негизинде алынган.

**9 Жыйынтык.** Жаңы болуп эсептелинет, анткени, милициянын ролу жөнүндө илимий адабияттарды окуунун негизинде алынган.

**5.Алынган жыйынтыктардын ички биримдүүлүгүн баалоо.**

Диссертациялык изилдөө логикалуулугу жана ирээттүүлүгү менен айрымаланат. Изилдөөнүн ички биримдүүлүгү, иштин башкы максаты жана негизги милдеттерди койулуусун комплекстүү аныктоо менен камсыз болот, алар өзара байланышта органикалык ирettүүлүктө чечилет.

Диссертация киришүүдөн, үч баптан, сегиз бөлүктөн, корутундулардан жана пайдаланган адабияттардын тизмесинен турат. Иште теоретикалык булактардын жана практикалык материалдардын методологиялык бирдиктүүлүгү айкалышат, Кыргызстандагы мамлекеттик бийликти бекемдөө мезгилиндеги саясий-укуктук режим чөйрөсүндө автордук варианттар жана сүйлөмдөр берилет.

Көрсөтүлгөн ишти, аракеттеги мыйзамдарды жакшыртууга , ошондой эле мамлекеттин жана укуктун теориясы жана укук коргоо органдарынын илиминин өнүгүүсүнө  жардам болгон жаңы илимий жетишкендик катары мүнөздөсө болот.

**6.Алынган жыйынтыктардын ылайыктуу актуалдык маселелерди, теоретикалык жана прикладдык милдеттерди чечүүгө багытталуусу.**

Көрсөтүлгөн иш -  мамлекеттик бийликти бекемдөө мезгилиндеги саясий-укуктук режим чөйрөсүндөгү тарыхий-укуктук изилдөөдөгү маселелерди объективдүү, маңыздуу изилдеген, бул изилдөөнү илимий мекемелердеги илимий-изилдөө иштеринде, жогорку окуу жайларында окуу процессинде, Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында жана мамлекеттин жана укуктун теориясы боюнча окуу китептерин жазууда илимий-теоретикалык материал катары колдонсо болот.

**7.Диссертациянын негизги жоболорун, жыйынтыктарын, корутундуларын жана тыянактарын басылып чыгышын тастыктоо.**

Диссертацияда камтылган негизги жоболор автор тарабынан он эки илимий эмгектерде басылып чыккан:

1. Ахматова, Н.И. К истории вопроса о деятельности чрезвычайных органов власти- революционных трибуналов. Текст / Ахматова, Н.И. //Наука и новые технологии.  - 2015. - №7.- С.50-54.

2. Ахматова, Н.И. Особенности правового режима деятельности чрезвычайных органов власти Текст /Ахматова Н.И., Адамбекова А.Д. //Наука и новые технологии.  - 2015. - №7.- С.57-61.

3. Ахматова, Н.И. Ретроспективный анализ формирования политико-правового режима деятельности государственных органов Текст /Ахматова, Н.И // Известия Вузов.-  2016. - №6.- С. 137-140.

4. Ахматова, Н.И. Основы укрепления политико-правового режима деятльности государственных органов Кыргызстана Текст / Ахматова Н.И., Адамбекова А.Д // Известия Вузов.- 2016. - №6.- С. 144-147.

5. Ахматова, Н.И. Роль органов милиции Кыргызстана в укреплении правового режима государства Текст / Ахматова, Н.И // Аллея науки. -2018. - №2(18). - С.588-594.

6. Ахматова, Н.И. Становление органов госбезопасности в период укрепления политико-правового режима кыргызской государственности. Текст /Ахматова, Н.И //Аллея науки. -2018. - №2(18). - С.612-618.

7. Ахматова, Н.И.. Мыйзамдуулукту жана укук тартипти бекемдөөдөгү советтик сот органдарынын ролу. Текст / Ахматова, Н.И //Вестник Академии МВД КР.-2018.-№1. -С. 31-34.

8. Ахматова, Н.И. Кыргызстанда саясий-укуктук режимди түзүүдө прокуратуранын ролу. Текст / Ахматова, Н.И // Вестник Академии МВД КР.-2018.-№1. -С. 179-183.

9. Ахматова, Н.И. Совершенствование правовой базы как укрепление функционирования государственных органов. Текст / Ахматова Н.И., Матисакова З.У. //Евразийское научное объединение. 2021. - №6 (76). - С. 208-209.

10. Ахматова, Н.И. Правоохранительные органы и усиление правового режима государства Текст / Ахматова Н.И., Матисакова З.У. //Евразийское научное объединение. 2021. - №6 (76). - С. 210-211.

**8.Авторефераттын диссертациянын мазмунуна ылайык келүүсү.**

Авторефератты жана диссертацияны салыштыруу процессии Ахматова Назира Искандарбекованын «Кыргызстанда мамлекеттик бийликтин бекемделиши мезгилиндеги саясий-укуктук режим» темасындагы авторефераты диссертациянын мазмунуна толугу менен ылайык келет, негизги жоболорду, тыянактарды жана жыйынтыктарды, автор тарабынан изилденип жаткан суроолордун логикалуулугун жана ирээттүүлүгүн чагылдырат. Авторефератка коюлган талаптарга ылайык резюме кыргыз, орус жана англис тилдеринде берилип, талапка ылайык таризделген.

**9.Диссертациянын мазмуну жана таризделүүсү боюнча кемчиликтер.**

Н.И.Ахматованын диссертациялык ишти жакшы деп табуу менен бирге кээ бир кемчиликтерди жана каалоолорду айткым келет.

1. Биздин көз караш боюнча, диссертацияда советтик сот органдарынын мыйзамдуулукту жана укуктук тартипти бекемдөөдөгү ролуна жетишсиз басым жасалган.

2. Мамлекеттик аппараттын системасында укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүнүн режиминин негиздери, совет бийлигинин алгачкы жылдарында жетишсиз деңгээлде чагылдырылган.

Көрсөтүлгөн эскертүүлөр авторго каалоо иретинде айтылып, диссертацияны жогору баалоого таасирин тийгизбейт жана сунуш мүнөзүндө болот.

**10.Диссертациянын «Окумуштуу даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндө Жобо» талаптарына ылайык келиши.**

Н.И.Ахматованын «Кыргызстанда мамлекеттик бийликтин бекемделиши мезгилиндеги саясий-укуктук режим» темадагы диссертациясы Кыргыз Республикасынын УАКтын «Окумуштуу даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндө Жобо» талаптарына толугу ылайык келет.

Диссертациялык изилдөө жаңы илимий жыйынтыктарды жана жоболорду камтыйт, алар жалпысынан юридика, анын ичинде мамлекеттин жана укуктун теориясы илимине салым кошот, бул болсо авторго мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы 12.00.01-адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын ыйгарууга татыктуу деген корутунду чыгарууга мүмкүнчүлүк берет.

**Расмий оппонент:**
Юридика илимдеринин кандидаты, доцент,
Ош мамлекеттик юридикалык
институтунун магистратура
бөлүмүнүн башчысы **Абдикерим кызы Г.**

**Колун тастыктайм:**